Ош Мамлекеттик
Университети
ТЕОЛОГИЯ
ФАКУЛЬТЕТИНИН
ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ
12- саны, 2007, s.77-87.

# Имам Сарахсинин Ал-Мабсут Аттуу Адабияты Боюнча Ислам Динине Ылайык Ажырашуу

**Ахмет Үнсал***

**Док.; Анкара У. теология ф.**

***Özet***

***İmam Serahsî'nin el-Mebsût Adlı Eserine Göre İslâm'a Uygun Boşanma***

*Bu makale de İmam Serahsî'nin el-Mebsût adlı eserinde yer alan İslâm Aile hukukunun bir konusunu teşkil eden boşanma ile ilgili hükümlerin kısa bir özeti verilmiştir. Bu bağlamda İslâm'a uygun boşanma, boşama yetkisi ve bu yetkinin sınırı, boşanma süreci, boşanmanın hükmü, İslâm'a uygun boşanmanın şekli, boşanmadan sonra beklenilmesi zorunlu olan iddet, boşanma sebebiyle meydana gelen hukukî sorumluluk kısaca ele alınmıştır.*

***Anahtar kelimeler:***

*Boşanma, Talâk, ric'î talâk, bâin talak, Sünnî talâk bid'î talâk, iddet, nafaka.*

***ABSTRACT***

*Legal Divorce According to Islamic Law in al-Sarakhsî's Work al-Mabsût*

*In this article, a brief abstract of the judgements is given concerning the divorce constituting one of the Muslim*

---

*Т.Р. Анкара Университети, Теология Факултети Ислам Укугу Бөлүмүнүн Изилдөөчүсү.

*Family Law in al-Sarakhsî's work al-Mabsût. In this connection, the legal divorce in Islamic Law, the way of divorce, the authority to divorce, its limits, duration, ,its verdict, iddat (period of waiting) which is compulsory after divorce and the legal responsibility arisen from divorce have been dealt with.*

***Key Words:***

*Divorce, Talâq, Talâq Rij'î (Revocable Divorce) Talâq Bâin (Irrevocable Divorce), Approved Divorce, Divorce of Innovation, Idda (Precribed period).*

**I. Киришүү**

Бул эмгегибизде Имам Сарахсинин Ал-Мабсут аттуу адабиятына таянып Ислам үй-бүлө укугунун эң маанилүү темаларындан бири болгон ажырашуу жөнүндө сөз кылабыз. Албетте ажырашуу жараяны маселесинин кең болушунан улам бул жерде толугу менен талдашыбыз мүмкүн эмес. Ошондуктан Имам Сарахсинин атына арналган журналдын бул санында, Ханафи мазхабы түшүнүгүнүн айланасында ажырашуу жараянынын эң негизги критерийлерин белгилөөгө аракет кылдык.

**II. Талак берүү укуктары**

Ислам укугу боюнча ажырашуу эркеке, никелешүү убагында бул укук аялга берилген болсо анда укук аялга, ал эми şарттар туура келген учурда бул укук сотко таандык. Ислам укугу адабияттарында эркек тарабынан никенин бузулушуна "талак" деп айтылат. Имам Сарахсинин көз карашында талак бул эркек менен аялдын арасындагы адал мамиленин бүтүшү жана аял кишинин башка бирөө менен үйлөөнүүсүнө адал жол берилгендик болуп саналат.[235]

Исламда, ажырашуу укугу эркекте болгону менен бойго жете элек эркек баланын жана акыл эси жайында эмес (келе соо) эркек кишиде мындай укук болушу мүмкүн эмес.[236] Ажырашууну каалаган эркек сакоо болсо жазуу түрүндөгү кайрылуусу жарамдуу болуп эсептелет.[237]

**III. Талак берүү укуктарынын чеги**

Эркек өзүнө таандык болгон ажырашуу жооптуулугун үч жолу колдоно алат. Биринчи жана экинчи ажырашуу чечиминен кийин кайрадан үйлөнүү

---

235 Абу Бакир Мухаммед б. Аби Сахл ас-Сарахси, ал-Мабсут, Дарул-Марифа, Бейрут 1986, VI, 2.
236 Сарахси, VI, 53–54.
237 Сарахси, VI, 143.

жараянын улантуусуна мүмкүнчүлүк бар.[238] Үчүнчү жолу талак акысын колдоно турган болсо үйлөнүү жараянын улантуусу мүмкүн эмес. Бир гана аял кишинин башка бирөө менен үйлөнүп ажырашуусу же болбосо үйлөнгөн кишинин көз жумуусу менен кайра баш кошуусу мүмкүн.[239]

### IV. Ажырашуу жараяны

Ажырашуу жараяны эркек кишинин аялына, чечимин түз же болбосо кыйыр түрдө билдирүүсү менен башталат жана "иддат" деп аталган аял кишинин үч жолу этек кирин өткөрүүсү менен аяктайт. Эркек киши ажырашкан аялы менен зифафка (алгачкы нике түнү) кире элек болсо аял киши жаңыдан турмушка чыгуусу үчүн иддат күтүүгө мажбур эмес. Зифаф кылынган болсо толук ажырашуунун болушу үчүн иддат мөөнөтүнүн толукталышы абзел. Биринчи жана экинчи ажырашууларда иддат убагы бүтпөй туруп эркек ажырашуу чечиминен баш тартышы мүмкүн. Ажырашуу чечиминен кайтып кайрадан аялы менен жашайм деген ою болсо мунун күбө кишилердин алдында тастыкталуусу абзел. Ажырашуу чечиминен кайтып кайрадан аялы менен жашайм деген убакта иддат мөөнөтү толгон болсо жаңыдан үйлөнгөн сымал баш кошууга туура келет. Мындай чакта бир гана эркек кишинин каалоосу жетиштүү эмес.[240] Аялы менен зифаф кыла элек эркек ажырашкан болсо жана кайрадан чогуу жашайм десе сөзсүз түрдө кайрадан үйлөнүүсү шарт.[241] Жаңы үйлөнүү келишими, буга чейин колдонулган ажырашуу укугун кайтарган болуп эсептелбейт. Башкача айтканда жаңыдан кайра үйлөнүү менен кайрадан үч талак укугу пайда болбойт. Үч жолу ажырашкан болсо аял киши ыраазы болсо да эркек менен аял кишинин кайрадан баш кошуусу мүмкүн эмес. Бир гана башка эркек менен баш кошуп (алгач жолдошу менен баш кошуу максатында болбой туруп) ажырашкан соң алгач жолдошу менен үйлөнүүсүнө жол ачылат жана мындан ары да үч жолу ажырашуу укугу (талак) кайрадан пайда болот.[242]

### V. Ажырашуунун өкүмү

Ажырашууу негизинен туура көрүнүш эмес. Бирок ошенсе да бул нерсе мубах болуп саналат. Кээ бир ислам укукчулары мажбур абалда калбаган кезге чейин ажырашуунун мубах эмес экендигин айтышат. Себеби Аз. Пайгабарыбыз "Өз кызыкчылыгын эңсеп ажырашкан эркектердин жазасын берсин" деп айткан.[243] Ажырашууда Кудай берген ырыскыга кыянаттык бар.

---

238 2. Бакара, 229.
239 2. Бакара, 230; Сарахси, VI, 8.
240 Сарахси, VI, 19.
241 Сарахси, VI, 25.
242 Сарахси, VI, 2, 9–10.
243 Бул сыяктуу уламыш үчүн караңыз . Абу Дауд, Сулейман б. эл-Эшас-ас-Сижистаани эл- Эзди. Сунен, Дарул Хадис, Каир. 1988, II, 261 (

Ал берген ырыскыга кыянаттыык кылуу арам болуп саналат. Ушул себептүү ажырашуу бир гана мажбур болуп калган учурда адал иш болуп саналат.[244]

Ханефилерде "эгерде аялыңарды койо берсенер жоопкерчилигиңер болбойт"[245], "Аялыңар менен ажырашып жатканда алардын ай маалына карагыла"[246] деген аяттар талактын мубах экендигин ачыктап турат. Мындан башка Аз. Пайгамбар жана бирканча сахабалар аялдары менен ажырашкан. Ошондуктан ажырашуу бир жагынан ырыскыга кыянат, бир жагынан ажырашканда гана өзүн жакшы сезип калгандар үчүн мубах болуп саналат.[247]

## VI. Ислам динине ылайык ажырашуу жолу

Ажырашуунун укуктук жактан туура эле экендигин тастыктаган Ислам дини ажырашуунун суннөт (Аз.Пайгамбар айткан жана көргөзгөн жол) жана бидат (пайгамбардын тыюу салгандары) деп эки категорияда карайт. Суннөт болуп саналган талак дагы сан жагынан сүннөт жана убакыт жагынан сүннөт болуп экиге бөлүнөт. Сан жагынан сүннөт хасен жана ахсен болуп экиге бөлүнөт. Ахсен деп аталган ажырашуу эркектин аялы менен ажырашуусу суннөткө туура келген учурда бир талак менен жана иддатын башкача айтканда үч айлык айыз учурунун бутушун күтүүсү. Ибрахим Ан-Нахаиден (96-714) алынгын кабар боюнча, эркек аялы менен бир талак менен ажырашуусун жана мындан кийин аялынын айызын күтүүсү туура каралган. Ушундай ажырашуу жолу Ислам динине эң ылайыктуу ажырашуу болуп саналат. Себеби мындай ажырашууда эркектердин кайрадан үйлөнүү мүмкүнчүлгү болот.[248] Хасан деп айтылган ажырашуу жолу болсо эркек аялынын айыз эмес мезгилинде аялына үч жолу талак берүүсү болуп саналат.[249] Имам Сарахсинин ою боюнча эрди катындын арасындагы мүнөздүк төп келишпөөчүлүк көзгө көрүнбөгөн ички себеп болуп саналат да чындыгын аныктоо мүмкүн эмэс. Ушул себептен Ислам, ажырашууга себеп катары сырткы себепти көрсөтүп, бул болсо жыныстык катнаш боло элек кездеги мезгилди себеп катары көрүп, чыныгы себеп болгон мүнөздүк төп келишпестикти белгилейт ошондуктан ажырашууга себепкер болгон чыныгы себеп болуп саналат. Эркек башынан эле аялына жыныстык катнаш үчүн жакындай элек таза мезгилинде, ажырашууну каалоосу анын жыныстык каалоосунан да маанилүү болуп калат. Мына ушул муктждык көзгө көрүнөөр

---

"Талак", хадис нр. 2177, 2178), Эбу Дауд, II,276–277 ("Талак, хадис нр. 2226); Тирмизи Эбу Иса Мухаммед. Б. Иса .б. сейре, эл-Жаамиул Сахих, (сунен), Даарул Ихяит- Тураасил- Араби, Бейрут (т.й) , III, 492, 493 ("Талак", 11, хадис нр. 1186, 1187).

244 Сарахси, VI, 2.

245 2. Бакара 236.

246 65. Талак, 1.

247 Сарахси, VI, 3.

248 Серахси VI, 3–4.

249 Серахси, VI, 4.

бир себеп катары каралат. Ар бир тазалык мезгилде (айыз бүтүп таза абалы) эркектин аялына болгон каалоосу жаңыланып тургандыктан, ошол эле себеп, тазалык учурунда ажырашса боло турган себеп да жаңыланат.[250]

Ар бир тазалык мезгилде бир талак менен ажырашуу Ханефи мезхеби боюнча сүннөт болуп саналат да ал эми үч талакты бир мезгилде берип ажырашуу бидат башкача айтканда сүннөткө туура келбеген көрүнүш катары каралган.[251]

Үч талактын бир мезгилде колдонулбагандыгынын себеби, "талак эки жолу" [252] деген аяттан улам. Бул аят эки талактын башка-башка айтылуусу керек экендигин көрсөтөт. Себеби "ага эки жолу акча бердим", "аны эки жолу урдум" деген сөздөр да бул нерсенин башка-башка мезгилдерде айтылуусу керек экендигин айкындап турат.[253] Буга кошумча Махмуд ибн Лебиб баяндаган бир хадис боюнча, бир мезгилде үч талак берүүнү Аз. Пайгамбар да туура көргөн эмес. Паайгамбар бир күнү бир кишинин аялын үч талакты бир мезгиде берип аялын койобергенин угуп, ал адамга ызаланып ордунан турат да, "менин көзүмчө эле Кудайдын китеби менен ойношуп жатасынарбы"? деп айткан. Жадагалса Аз. Пайгамбардын бул абалын көрүп турган сахабалардын бирөөсү Кудай элчиси, аны барып өлтүрүүнү буйрук кылсаң аны да жасаймын деп айткан.[254] Кудайдын китеби менен тамашалашуу, аны менен ойношуу кудайдын буйругуна баш ийбөө дегендикке жатат. Ушул нерселер бизге бир мезгилде үч талак колдонгон адам, кудай буйругандай амал кылбагандык болуп саналат деп айткан.[255]

Куран Керимде ажырашууга байланыштуу аяттардын биринде мындайча баяндалат; "аларды айыз мезгилине карап койобергиле"[256]. Бул аяттагы негизги жагдай талактын айыз мезгилдерине карап башка-башка берилүүсү. Себеби аятта "балким кудай мындан кийин башкача бир жагдай жаратып койот" деп айтылат жана ажырашуудан бащ тартуу ыктымалдуулугун эскертет. Бул баштартуу ыктымалы талак башка-башка берилген учурда байкалат. Бардык талакты бир учурда колдонсо бул ыктымал да жок болот.[257]

Имам Серахсинин оюу боюнча бир мезгилде үч талакты колдонуу туура корүнүш эмес экендигине дагы бир далил катары сахабаалрдын бир пикирге

---

250 Серахси, VI, 4.
251 Серахси, VI, 4.
252 2. Бакара, 229.
253 Серахси, VI, 5.
254 Несаи, Абдуррахман Ахмед Ибн. Синан Ибн. Динар ан-Насаи, Сунен, Дарул Бешааирил Исламиййе. Байрут 1988, VI, 142 (Талак, 6, Хадис нр. 3401).
255 Серахси, VI, 5.
256 65. Талак, 1.
257 Серахси, VI, 5.

келүүсү башкача аятканда ижмаасы деп айтат.[258] Аз. Өмер, Али, Ибн Месут, Ибн Аббас, Ибн Өмер, Эбу Хурайра жана Имран ибиб Хусуйн сыяктуу сахабалар үч талакты бир мезгилде берүү туура эмес экендигин башка сөздөр менен болсо да баяндашкан.[259] Сахабаладан эбу Катаде эл-Энсааринин "эгерде адамдар ислам динине туура келгенддей кылып аялдарын койоберишсе эч кайсы эркек ага муктаж экендигин билип туруп алар менен ажырашмак эмес". Силерден кимде ким аялын үч талакты бир берип койоберсе кийин кайгырып калат. Кудай ыйык! Кудайдын китеби да Аз. Пайгамбардын сүннөтү да силерде бар. Каабанын кудайына касам кылам бул эки нерсе, далилден башка эмне болушу мүмкүн деп айткандыгы баяндалат.[260] Ушулардын баарынан чыккан тыянак; эч кандай мажбурдук абал жок туруп бир айтыш менен аялан койо берүүсү (өзү үчүн аны арам кылуусу) мекрух болуп саналат. Буга чейин да айтып өткөндөй эле талактын мубах болушунун себеби, эрди-катындын бирбирине мүнөздөрүнүн жакпай калышынан улам деп айтсак нике байланышын токтотууга бир муктаждык чыгат. Ал муктажлык бир гана талак менен чечилет. үч талактын берилүүсү туура түшүнбой туруп жасалган катачылыктарды ондоого мүмкүнчүлүк бербей, өкүнүп калган убакта кайра кайтууга да жол бербей калат. Ал нерседе исламга туура келбеген абал жаралат. Бирок ислам дини ажырашуу тууралуу артка кайра келүү мүмкүнчүлүгүн берүү, өкүнүч учурда кайра кайтуу үчүн талактын үч жолу башка башка мезгилде берилүүсүн туура көргөн. Кимде ким ислам динин туура көргөн нерсесин көрмөксөнгө сала турган болсо бул нерсе туура көрүнүш эмес.[261]

Сүннөткө ылайык ажырашуунун мезгил менен байланытуусу бир гана өзү менен алгачкы нике түнүнө кирген аял тууралуу болот. Ажырашуулар таза болуп жүргөн күндөрдө болушу керек. аыйз күндөрү аялын койоберген эркек сүннөткө каршы амал кылган болот. Бирок талак күчүндө болот.[262] Бул күндөр аялдын өзүнө тарткан нерсесинин жоголуп калган күндөр болуп саналат. Бул күндөрдө ажырашуунун диний шарт катары мүмкүн эмэс экендигинин негизги себеби, бул күндөр өткөндөн кийин эркектин өкүнүп кылган нерсесине бушайман болуп калуу ыктымалдуулугу бар экедигинде болуп саналат. Ушул себептен айыз мезгилинде койоберүү менен үч талакты бир мезглде берип койо берүүнүн эч кандай айрымасы болбой калат.[263]

Ажырашуунун сүннөткө ылайык болуусу үчүн таза мезгилде болуусу да жетишсиз. Айтылып жаткан таза мезгил жыныстык катнаш болбогон таза мезгил болушу керек. Мындай болбогон учурда ажырашуу мекрух болуп

---

258 Серахси, VI, 6.
259 Серахси, VI, 6.
260 Серахси, VI, 6.
261 Серахси, VI, 6.
262 Сарахси VI, 16.
263 Сарахси , VI, 6.

эсептелет.[264] Бул негиздин далили Абдулла Ибн Өмерден келген Хадис болуп саналат. Буга кошумча Ибн Месут, Ибн Иббас жана Ибн Өмердин оюу боюнча "аыйз мезгилине карап койобергиле[265]" деген аяттын мааниси жыныстык катнаш болбогон таза учурда ажырашкыла деп жатат. Мындагы маани төмөндөгүчө: талактын мубах болушусунун себеби эрди-катын арасындагы мүнөз жаратылышы карама-каршы болуп калганда, нике байланышынын аяктоосун шарттайт, бирок бул мүнөз келишпестиктин чынында эле бар экенин туура аныктоо айыз күндөрү мезгилинде абдан кыйын. Себеби бул мезгил аялдын жыныстык катнаш кызыктуулугун жоготуп, мындан улам эрди-катын бири биринен сууп кеткен мезгил болуп саналат. Ошол эле нерсе жыныстык катнаш болгон тазалык мезгили үчүн да тиешелүү. Бул мезгил туура чечим чыгаруу ыңгайсыз бир учур. Себеби экөө тең жыныстык жактан муктаждыктарын алып бүткөн.[266] Натыйжада бири бирине болгон алектенүү, кызыгуу жоголуп кетүүсү мүмкүн. Ошондуктан мындай учурда болгон ажырашуунун чыныгы себеби мүнөз келишпестик катары ойлоо туура болбой калат. Себеби жынычтык катнаш болбогон таза учурда экөөнүн тең бири бирине болгон жагуусу, алектенүүсү жакшы болгон жана бир гана мүнөздөрүнүн туура келбей калган учурда гана эркек ажырашууну ойлогон мезгил. Мына ушул себептен мубах катары эсептелген ажырашуу бул мезгилге таандык болуп саналат.[267]

Айыз күндөрү ажырашуунун бир башка жаман жагы болсо аялдын күтүүсү керек болгон айыз мезгилдин узап кетүүсү. Себеби талак болгон айыз мезгили айыз катары эсептелбей, мындан сырткары аялдын үч жолку айыз мегилин күтүү зарыл. [268] Бул жагдай аял үчүн зыяндуу жана зулум болуп калат. Ал эми аялга мындай зулумдук кылуу Куранда тыюу салынган.[269] Жыныстык катнаш болгон таза мезгилдеги ажырашуунун (койо берүү) зыянын тийгизүүчү жагы бар. Себеби аял күтө турган иддет (айыз мезгилди өткөрүү) белгисиз болуп калат.[270] Бул себептен биздин оюбуз боюнча нике түнүнө

---

264 Сарахси, VI, 17.

265 Сарахси, VI, 7. Абдуллах б. Өмердин бу темага байланыштуу хадиси үчүн караңыз: Бухари, Абу Абдиллах Мухаммед б. Исмаил б. Ибрахим ал-Бухари,ал-Жамиус-Сахих, Даарут-Тыбаатил Амира, Стамбул 1257, VI, 163 ("Талак, 1"); Муслим, Абул-Хусеин Муслим б. Хажжаж ал-Кушайри, ан-Найсабури, ал-Жамиус-Сахих, ал-Мактабатул-Исламиййа, Стамбул (т. ж.), II, 1098; Тирмизи, Абу Иса Мухаммед б. Иса б. Сайра, Ал-Жамиус-Сахих (Сунан), Дару ИХйаи Турасил-Араби, Бейрут (т. ж.), III, 478 ("Талак 1, хадис нр.1175); Абу Давуд, Сулайман б. Ал Ашаш Ас-Сижистани ал-Азди, Сунан, Дарул-Хадис, Каңире 1998, II, 261 ("Талак", хадис но.2175).

266 Сарахси, VI, 7

267 Сарахси, VI, 7.

268 Сарахси, VI, 40–41.

269 2. Бакара, 231.

270 Сарахси, VI, 7.

кирбеген аялдын айыз күндөрү ажырашса эч кандай катачылык болбойт. Себеби бул абалдагы аялдын айызынын узакка созулуп кетүүсү, же болбосо айыздын белгисиз болуп калышы сыяктуу маселе болбойт. Мындан сырткары эркектин ал аялга болгон кызыгуусу никеден улам болуп жатат. Ошондуктан алгачкы нике түнүнө чейин аялдын айыз мезгилинде болуусу эркектин ага болгон кызыгусун суутпайт. Мындай учурда никенин натыйжасында аялга болгон кызыгуу болуп жатса да, эркек никелеп алган жана никеге кире элек болгон аялы менен ажырашууну каалашы, алардын чынында эле мүнөздөрүнүн төп келбей калгандыгын көрсөтөт.[271] Ал эми нике түнүнө кирген аялдын абалы мындай эмес. Себеби никеден улам пайда болгон кызыгуу никеге кирип чыккандан кийин кызыгуу азаят. Эркектин таза мезгилде аялга болгон кызыгуусунун себеби, аны менен жыныстык катнашта болуу мүмкүнчүлүгүн түзүү. Аялдын айыз мезгилин өткөрүүсү бул абалдын алдын алат.[272]

Имам Сарахсинин ою боюнча талактын мубах болуусу өкүнүп калган учурда аны кайра кайтаруу мүмкүнчүлүгү бар экендигинен улам, себеби Алла Таала «сен биле албайсың, балким Кудай мындан кийин бир жагдай жаратып коюшу мүмкүн»[273] деп бул артка кайрылуу мүмкүнчүлүгүн эске алынуусу зарыл экендигин эскертет. Никеге кирген аялды айыз мезгилинде койо бергенде, таза күндөрүндө бул ишинен бушайман болбой коюусу анык. Ошол эле өкүнүч жыныстык катнаш болгон күндөн кийинки таза мезгилде койо берүүгө таандык болот. Себеби бойго бүтүү ыктымалдуулугу төрөлө турган ымыркайга болгон эркектин мээримин пайда кылуусу жана бул сезимдер эрди-катындын ортосундагы мүнөз келишпестиктин алдын алуусу ыктымал. Ушул айтылып өткөн ыктымалдуулукка көңүл бурган Ибн Месуд «балага болгон мээримден улам ажырашуу чечимине кайра бушайман болуп калуусу ыктымал» деп айтып, ушул себептен айыз күндөрүндө да, «жыныстык катнаш болгон учурдагы тазалык мезгилде да ажырашуу мекрух болот» деп ачыктаган.[274]

Эркек, аялын боюнда бар кезинде койо берүүнү каалаяса боло берет. Жыныстык катнаштын натыйжасында да ажырашуу боло берет (жаиз). Себеби жыныстык катнаштын натыйжасында ажырашуунун мекрух экендиги аядын айызынын кайсы мезгилин күтүүсү керек экендиги белгисиз болгондуктан улам эле. Буга кошумча жыныстык катнаштан кийин аялдын боюна бүтүп калуусу мүмкүн жана кийин муну билгенден соң койо бергендиги үчүн өкүнүп калышы мүмкүн. Ал эми аялы кош бойлуу мезгилинде мындай ыктымал жок. Себеби кош бойлуу экендигин билип туруп койо берсе анын чечиминде

---

271 Сарахси, VI, 8.
272 Сарахси, VI, 8.
273 65. Талак, 1.
274 Сарахси, VI, 8.

олуттуу чындык болгон болот.[275] Айыз көрбөгөн аялды да кайсы убакта койо бергенге болгондугуна көңүл бурулуучу белгилүү убакыт жок. Себеби боюна бүтүп калуу деген сөз болбойт.[276]

Исламга терс, сүннөткө туура келбеген ажырашуулар дин жагынан караганда арам, укук жагынан жарамдуу болуп саналат. Шиа укукчуларын эсептебегенде бардык Ислам укукчулары сүннөткө туура келбеген абалда аялын койо берсе күнөөлүү боло тургандыгын кабыл алышып, ажырашуунун боло бере тургандыгына өкүм чыгарышкан.[277]

### VII. Ажырашуудан кийинки күтүлүүчү мезгил

Ажырашуу чечими чыгарылгандан кийин Исламдын буйрук кылган күтүү мезгили башталат.[278] Никеге кирген аял ажырашуудан кийин үч айыз күтүүсү зарыл.[279] Нике түнүнө кире электе ажырашуу болуп кетсе белгилүү убакыт күтүү зарылчылыгы жок.[280] Айлык айыз башталган аял менен жашы кичүү болгондуктан айыз көрбөгөн кичүү кыздардын күтүү мөөнөтү үч ай. Кош бойлуу аялдардын күтүү мөөнөтү болсо төрөгөндөн кийин аяктайт.[281]

Ажырашуудан кийин айыз күтүп жаткан аял бул мөөнөт бүткөнгө чейин эле экинчи жана үчүнчү талак алса, анда бул берилген эикнчи жана үчүнчү талак биринчи талакты тастыктоочу мүнөздө гана болуп калат. Башкача айтканда, биринчи талактын күчүнө келтирүү үчүн эмес. Бул себептен улам аялдын күтүп жаткан мезгили андан кийинки айтылган талактар менен күчүн жоготпой улана берет. Бирок эркек алгачкы талактан кийин бул кылган нерсесине өкүнүп, аялына кайра кайтып, бир кыйла мезгил өткөндөн кийин аялын кайра койо бере турган болсо, мында, экинчи талактан кийин күтүү мезгили жаңыдан башталат. Себеби алгачкы талактан кайра жарашуу эркектин ажырашууга болгон чечими бузулат. Башкача айтканда эркек аялы менен үй-бүлөлүк жашоо курууну каалаган болот. Бул жагдайды мындайча ачыктасак болот: күтүү мезгилинин негизги мааниси аялдын кош бойлуу же кош бойлуу эмес экендигин билүү болуп саналат. Талактын кайрадан айтылуусу берилип калган бул талакка эч кандай тоскоолдук кылбайт. Мындан улам күтүү мезгили биринчи талак менен бирге башталып, өкүмдүн да ушунда болушу тууралуу Пайгамбардын сахабалары тарабынан кабыл алынган чечим бар.[282]

---

275 Сарахси, VI, 10.
276 Сарахси, VI, 12.
277 Сарахси, VI, 18.
278 65. Талак, 1.
279 2. Бакара, 228.
280 33. Ахзаб, 49.
281 65. Талак, 4.
282 Сарахси, VI, 8.

Ажырашуу чечимин билдиргенден кийин күтүү мезгилинин пайдалуу жагы; эркекке да аялга да чечим тууралуу ойлонууга мүмкүнчүлүк бергендигинде. Эркек бул чечими тууралуу ойлонуп жатканда, аялы да бул учурда жакшы ойлонуп чечим чыгарууга мүмкүнчүлүк таба алат. Жолдошуна карай болгон мамилеси да абдан кылдаттуу болот. Буга кошумча аялдын кош бойлуу экендиги байкалган учурда төрөлө турган балдарды ойлогон жубайларга, баарысын кайрадан ойлоп көрүүгө шарт түзүлөт. Өзүлөрүнөн да, балдарын көбүрөөк ойлоп калышат. Натыйжада эрди катын ажырашуудан баш тартышы мүмкүн.[283]

Ажырашкандан кийин айыз күткөн аял, күтүп жаткан мезгили бүтө электе аял же эркек өтүп кете турган болсо алар бири бирине мураскор боло алат.[284] күйөөсү өтүп кеткен учурда аялынын күтүү мезгили үч ай он күн болуп калат. Аялы бул мезгилди өткөргөндөн кийин күйөөсү өтүп кете турган болсо, анда аял өлүм (иддатын) мезгилин күтүүсү зарыл эмес жана ага мураскор да боло албай калат.[285] Айыкпас ооруга чалдыгып калган эркек аялын үч талак менен койоберсе, айлык айыз күтүп жүргөндө күйөөсү өтүп кетсе мындай учурда аялы күйөөсүнө мураскор боло алат. Себеби өз өлүмүн билип калган эркектин аялын койоберүүнү каалашы, аны мурасынан ажыратуу максатында жасалып жатышы ыктымал. Эгерде аял ажырашуу айызын бүтүргөндөн кийин күйөөсү өлсө анда аялы ага мураскор боло албайт.[286]

Ажырашуу айызын күтүп жүргөн аял, эки айыз мезгилин өткөргөн соң айыз көрүп калса (менопауза болуп калса) анын күтүүсү ай эсебине кирип калат. [287] Мындан улам үч ай айыз күтүүсү зарыл. күтүү мезгилинин эсебине карай иддет күтүү негиз болуп саналат. Аялдын этек кири келбей калса, анын ордуна айга карай мезгил күтөт. Боюнда бар аялдын иддети төрөгөнгө чейин уланат.[288]

### VIII. Ажырашуудан улам келип чыккан укуктук жоопкерчиликтер

Ажырашуудан кийин иддет өткөрүп жүргөн аял бир, эки же үч талак менен болсун күйөөсү койо бергенден кийин иддети бүткөнгө чейин күйөөсүнүн үйүндө болуусу зарыл. Ал үйдөн кетпеш керек жана аны күйөөсү зордоп үйдөн чыгарбашы керек.[289] Бирок аял бул мезгилде башка бир эркек менен жыныстык катнашта болсо, күйөөсү аны үйүнөн чыгарып салуу укугуна ээ болот.[290] Эркек аялын үйүнөн башка бир жерде койо бере турган болсо,

---

283 Сарахси, VI, 5.
284 Сарахси, VI, 24.
285 Сарахси, VI, 39.
286 Сарахси, VI, 154–155.
287 Сарахси , VI, 41.
288 Сарахси, VI, 15.
289 65. Талак, 1.
290 Сарахси, VI, 32.

маселен аялдын ата-энесинин үйүндө болсо аялы күйөөсүнүн үйүнө келип иддет күтүүсү зарыл.[291]

Ажырашуудан улам иддет күтүп жүргөн аял үйүндө жүргөн учурда бардык керек-жарактары ажырашканга чейин жашап жүргөн үйдүн кире акысы эркектин жоопкерчилигинде болот. [292]

Аялын койо берген эркек мурда нике үчүн белгиленген бирок төлөнө элек мехир болсо аны төлөөсү зарыл. Эгер мурун белгиленген мехир болбогон болсо, аялдын социалдык-экономикалык жана маданий деңгээли болгон аялдар үчүн бериле турган мехир канча болсо ошону берүүчү абзел. Ажырашуу нике түнүнө чейин болбогон болсо жана нике учурунда белгилүү мехир белгиленбесе, андай учурда бунун жарымы аялга берилүүсү керек. Эгерде мехир белгиленген болсо, анын абалына карап ылайык мехир төлөп берүү зарыл.[293]

Байкалгандай эле Ислам дини ажырашууну туура көрүүдө. Мындайча айтканда Католик Христиандардай ажырашууга тыюу салбайт жана жоопкерчиликсиз эч кандай себеби болбой туруп, ажырашууну туура көрбөйт. Ойлонбостон ажырашуунун туура эместигин, муну жакшы ойлонуп андан кийин чечим чыгаруу керек экендигин, чечим чыгаргандан кийин да керектүү болгон бардык нерсени кайрадан ойлоп көрүүгө Ислам дини аябай маани берет. Ажырашууга байланыштуу нормалардын негизин көрсөтүп турган Кураны Керим, мындай кылдат маселелерди Алланын койгон чектери катары баалоо менен бирге бул чекти ашууну зулум катары каралгандыгын, Аллага каршы келүү болуп саналаарын баяндайт.

[291] Сарахси, VI, 34.
[292] Сарахси, VI, 33.
[293] Сарахси, VI, 61–62.